УДК: 811.512.154

Салиева А.З.
Ж.Баласагын атындагы КУУнун филологиялык жана социалдык-экономикалык билим берүү кафедрасынын ага окутуучусу.

ЖАПАР ШҮКҮРОВ ДИАЛЕКТОЛОГ КАТАРЫ

ЖАПАР ШУКУРОВ КАК ДИАЛЕКТОЛОГ

ZHAPAR SHUKUROV AS A DIALECTOLOGIST

Аннотация. *Макалада автор Ж.Шүкүровдун Кыргызстандын түштүгүндөгү Алайга барып, түштүк диалектидеги говорлордун синтаксистик жана морфологиялык жактан айырмачылыктарын, сөздүн маанисин жазган алгачкы диалектолог катары ачып берилет.*

Түйүндүү сөздөр: *Жапар Шүкүрович Шүкүров, К.К. Юдахин, Х. Карасаев, диалектология, түштүк диалектика, кыргыз тили, сүйлөм, морфология, синтаксис, фонетика.*

Аннотация. *В статье автор открыл Ж.Шукурова как первый диалектолог, который побывавшего в Алайе на юге Кыргызстана писал синтаксические и морфологические отличия и значения южных диалектических говоров.*

Ключевые слова: *Жапар Шукурович Шукуров, К.К. Юдахин, Х. Карасаев, диалектология, южная диалектика, кыргызский язык, предложения, морфология, синтаксис, фонетика.*

Anatation: *In the article the author opened Zh. Shukurov as a first dialectologist who had been in Alaya in the south of Kyrgyzstan writing syntactic and morphological differences and meanings of southern dialectical dialects.*

Key words: *Zhapar Shukurovich Shukurov, K.K. Yudahin, H. Karasayev, dialectology, southern dialectics, Kyrgyz language, sentences, morphology, syntax, phonetics.*

Ж.Жумалиев менен А.Ормонбекованын Кыргыз диалектологиясы боюнча хрестоматия китебин караганыбызда Ж. Шүкүровдун "Алайлык кыргыз говорлорунун материалдары" [1,7] деген диалектология боюнча макаласы бар экендигине токтолушкан.

Жапар Шүкүрович Шүкүров 1931-жылы Орто Азия мамлекеттик университетинде окуп жүргөн кезинде биринчи жолу Фрунзеде 1926-жылы ачылган республикалык край таануу музейи тарабынан уюшулган этнографиялык экспедициянын мүчөсү болуп, 1927-жылы Алай өрөөнүнө барат. Ошондо Ош шаарынан К. К. Юдахинге кезигет. Ал учурда К. К. Юдахиндин Ташкенттеги Орто Азия мамлекеттик университетине 1920-жылы кирип, чыгыш факультетинин эки адистигин — түркология жана филологиясын 1925-жылы бүтүрүп, Ленинграддагы институтта кыргыз, казак, өзбек, уйгур тилдеринен дарс берип жүргөн. Ошол учурда ал Ленинградда окуп жүргөн студент Х. Карасаев менен таанышып, 1927-28-жылдары К. К. Юдахин, Х. Карасаев менен Кыргызстанга келип, эл кыдырып, сөз жыйнап жүргөн кези болот.

К. К. Юдахин Ж. Шүкүровго Алайлык кыргыздардын тилин чагылдырган материал жазып келүүнү тапшырат. Ж. Шүкүров өзү Алайдан жазып алган материалы (тил боюнча) эки учурда гана: 1.Кой кыркып жаткандар менен сүйлөшүүдө; 2. Конокто отуруп, кымыз ичип жаткан учурда эле жүргүзүлүп калганын эскерет. Ошентсе да бул кыска мөөнөттүн ичинде ошол жердеги кыргыздардын сүйлөө өзгөчөлүгүн чагылдырган 40 сүйлөм жазган экен. Бул чакан макаласы 1946-жылы КырФАНдын басмасынан «Сергей Ефимович Маловго Белек» деген жыйнакта орусча басылып чыккан. Ошол келтирилген 40 сүйлөмдүн мааниси орусча которулуп да берилген. Бул 5 бетте гана берилген чакан диалекттик материал негизинен фонетикалык кубулушту талдоого арналган. Ал фонетикалык диалектик кубулуштан ошол жылдардагы кыргыз тили боюнча берилип жүргөн кабарларды түштүк кыргыз диалектисинде **э, х, в** жана эрин-эринчил **в** (**v**) тыбыштары бар экендиги жөнүндөгү кабарды автор бул макаласында ырастаган.

Негизинен ушул макалада 5 фонетикалык диалектилик факты сүйлөм тизмегинде келтирилип, ага талдоо жүргүзүлүп, сүйлөмдөрү орусча которулуп берилген. Фонетикалык белгилерден эрин-эринчил **v** (**в**) тыбышынын болушу («шамалдын вакты бүгүн-эртең кирет, сумбула гирет эми»), эрин дифтонгдун бардыгы (тоw), сөз башында жумшак **г**, каткалаң **к** тыбыштары теңтайлаш айтыла берери (мисалы: гокуй ай, гак өөдө гооп тур, гак тип-тик); меймандарды кыйнабагыла; сөз башында каткалаң эрин-эринчил үнсүз **п** тыбышынын көп кезигиши («палаан күнү»); ж-й тыбыш-

тарынын бирдей айтылышы («о-о, йакшы күү болуп йатыпты»).

Ал эми макалада автор морфология, синтаксис боюнча кыргыз диалектилери аз айырмаланат деген. Келтирилген 40 сүйлөмүндө кийинки окумуштуулар изилдеп, белгилеген морфологиялык, лексикалык **(ал//ол, алар/олор, барың, келиң , мага/маңа, ого/оңо, барттар/барышат/барышаттар, баралык/барайлык/барайык, эле/эде/эди, жибер/жүгөр** ж.б.); синтаксистик байламталар (йэм/да, амма/эмма, лекин/лакин/некин, апти, ка/ха/кай/хай, на/нэ, ки жана бөлүкчөлөрдөн йу/у, кү ж.б.) эң көп диалектилик фактылар бул макалада көрсөтүлбөгөн.

Бул анын кемчилиги эмес, убакыттын тардыгынан жана биринчи тажрыйба болгондугунан болуш керек.

«Значительно больше, после фонетики, различий мы находим в лексике, но в этой части киргизский язык по диалектам изучен еще очень слабо» [2] деген автордун оюу да ошол 1927–1946-жылдардагы диалектилик изилдөөнүн али жүрө электигинен кабар берет. «Лексическая разница между северным и южным диалектами подмечена и самим народом. Так, южане вышучивая северян, говорят, что они (северяне) **«гөштү эт дейт экен, якты май дейт экен»**, то есть мясо они называют эт (вместо **гөш**), а жир — **май** (вместо **як**). Таких случаев подмеченных народом много» [2,164] деп, түштүк кыргыздардын өздөрү эле түндүк кыргыздардан сүйлөөсүндө айырма бар экендигин билерин жазып койгон.

Ж. Шүкүровдун көлөмү жагынан чакан макаласынын мааниси кыргыз диалектолгия илиминде, ал гана эмес, жалпы кыргыз тилинин тарыхы, кыргыз адабий тилинин нормасы, түзүлүш мезгили боюнча өтө баалуу.

1927-жылга чейин түштүк кыргыздардын сүйлөө тилинен кагазга түшүрүп жазылган бир да материал болбогондугу кыргыз тил тарыхында бизге белгилүү. Бул жөнүндө К. К. Юдахиндин 1948-жылы эскерткени да бар: «Нужно лишь сказать, что и теперь по южным диалектам мы в литературе не имеем ничего, кроме статьи Ж. Шукурова «Материалы по алайскому говору» [3].

Ж. Шүкүровдун ушул биринчи жолу түштүк кыргыздардын оозунан материал жазып алган жылдарда Кыргыз автономия областтан (1924–1926) Кыргыз Автономия Советтик Социалисттик Республикага (1926–1936) ээ болуп, маданий агартуу иштери катуу жүргүзүлүп жаткан учуру болот. Ошол алгачкы жылдарда уюштурулган Академиялык Борбор деген уюм аркылуу окуу китептери, программалар кыргыз тилинде чыга баштаган. Э. Арабаевдин авторлугу менен арабча Ташкентте 1924-жылы кыргыз алиппеси басылып чыккан. 1925-жылы Фрунзеде Кыргызстан Мамлекеттик басмасы уюштурулуп, окуу китептери, көркөм адабияттар, чоңдор үчүн алиппе, программалар Э. Арабай уулу, К. Карасай уулдарынын авторлугу менен (Жаңылык чоңдор үчүн алиппе) экинчи ирет түзөтүлүп (Фрунзе шаары, 1928-жыл), латынча басылып чыгып жаткан мезгили экен. Ошондой эле, бул жылдары Шүкүров да окуу китептерин түзүүчүлөрдөн болуптур.

Экинчиден, Ж.Ш. Шүкүровдун бул чакан материалы кыргыз адабий тилинин негизинде кайсы диалект алынгандыгы жөнүндө да атайын ал маселени макаласында козгобогону менен, кыйыр түрдө болсо да кабар берет. Ага далил: кыргыз тилинин түштүк диалектисинин өзгөчөлүгү болуп эсептелген орчун фонетикалык белгилерден тил алды ичке үндүү **э** тыбышынын (**кэтта**, кел, кэм), көмөкөйчүл Э (ава) жана терең түпчүл **х (хан, хабар),** эрин-эринчил **v (в)** үнсүз тыбыштарынын кыргыз тилинин түштүк диалектисине мүнөздүү экендигин 1920-жылдардагы алгачкы адабияттарда эле бар экендигин билдиргендигинде. Ал жөнүндө автор өзү мындай деп жазат: «Наличие этой фонемы **(э)** в южно-киргизских говорах отмечалось еше в двадцатых годах, когда только начинала развиваться новая киргизская письменность” [2,70].

Мезгили жагынан жазма кыргыз тилинин орфографиясынын башталышы «Эркин-Тоо” басылып чыккап 1924-жыл болуп эсептелсе, түштүк кыргыз тилин мүнөздөгөн орун тилдик факты болгон тил алды ичке, ачык кең үндүү э тыбышы жаңы түзүлүп жаткан жазма адабий тилинин алфавитине ошол алгачкы жылдарда эле алынбагандыгын билдирет. Мунун өзү эле кыргыз адабий тилинин жазма нормасына түштүк диалекти эмес, түндүк диалектинин тыбыштык нормасы алынганын далилдеп турат.

Үчүнчүдөн, окумуштуунун бул жыйнаган материалынын дагы бир баалуулугу-диалектилик тил фактыларын байланыштуу сөз тизмегинде -бир ойду түшүндүргөн сүйлөм / фраза менен жыйнагандыгында. Бул да ушул макаланын ээсинин илимий ишти, айрыкча диалектилик материалды жыйноо методикасын билгендигин айгинелейт. Маселен: “гармаган эле голду оорутуп койгон шуушан» деп жазылган сүйлөмгө фонетикалык да, лексикалык да талдоо жүргүзүүгө болот.Фонетикалык талдоого-оорутуп деген сөздө эрин созулма үндүү оо(дифтонг эмес), сөз башында жана жанаша сөздүн аягындагы үндүү тыбыштын таасири менен (интервокалдык позицияда) кийинкн сөздүн башындагы к,ж тыбыштарынын г,й тыбыштары менен айтылышы (гармаган эле голду, ушу йак, ушу йерден), ошондой эле адабий тилде ж тыбышы айтылуучу жуушан (ножницы стригальные для овец) сөзүнүн ш тыбышы менен шуушаң болуп жана кууш созулма эрин үндүү уу тыбышы аркылуу жазылганы;адабий тилдеги жембаштык сөзүнүн торво лексемасы менен берилгенин (К.К. Юдахиндин сөздүгүндө буга”южный” деген эскертүү берилген) далилдейт [3,254]. Ал эми автордун”Южных говорах вообще и в районе моих наблюдений в частности начальные й и ж(g) встречаются пока почти в одинаковой степени,, без какой-либо закономерности” [2,165] деп жазган жыйынтыгы мисалга келтирилип жазылган сүйлөмдөрүндөгү фактылары менен дал келбейт. Тескерисинче, автордун материалында накта сөз башында, интервокалдык абалда деле көбүнчө ж тамгасы менен жазылган сүйлөмдөрү арбын. Мисалы “ошо жака барып ич”, “жаңы ушу жерден башталды”, “тур нар жака”,”бер жака”,”өзүм шуушаңды жакшы курчутуп алдыпмын”, “менин бүгүн табым жок” [2,166] делип жазылган ушул фактылары диалектологдор тарабынан жыйналган ж басымдуу айтылчу диалектилик материалдар менен кубатталат.

Ж.Шүкүровдун Алайдан 1927-жылы эл оозунан жазып алган сүйлөмдөрүндө “созулма үндүүлөр”-

жазылган. Мисалы,"оотуруп", "гоон", "налаан гүнү", "шуушаң", "гокуй аай,"гак өөлө гооп тур", "йакшы гүү", "өкөө" деген мисалдарда созулма үндүүлөр дифтонгго өтпөй айтылганы келтирилген [4].

Төртүнчүдөн, бул макаланын тил фактылары кыргыз тилиндеги диалектилердин классификациясы маселеси К.К. Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүнүн экинчи басылышына берилгендигин эскерткен.Тексттиндеги көсөкул патча/ пачча деген эки гана сөздүн түндүк диалект өкүлдөрүнө түшүнүксүз экендигин эскертет да, маанисин чечмелеп берет.

Адабияттар

1. *Жумалиев Ж., Ормонбекова А. Кыргыз диалектологиясы боюнча хрестоматия. –Б., 2003.*
2. *Шүкүров Ж. Чыгармалар.- Б., 2003.*
3. *Юдахин К.К. Киргизско-русский словарь 2 том. –М., 1985.*
4. *Юнусалиев Б. Кыргыз диалектологиясы. – Ф., 1971.*